www.manas.edu.kg

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
Спорт илимдери факультети
Машыктыруучуларды даярдоо бөлүмү
Курстун программасы

Курстун коду	Курстун аты (Кыргызча)	Курстун аты (Түркчө)	Семестр	Апталык саат	Кредит	ECTS
BSY-447	ТОГУЗ КОРГООЛ (Т. СП. ТҮР. Т.СЫ Ж-А М.СЫ I - МА. ПР.I)	TOGUZ KORGOOL (SEÇMELİ UZMANLIK SPOR BRANŞI I)	7	2 + 4	4	7

Курстун деңгээли	Бакалавр
Курстун түрү	Тандоо
Курстун мугалими	
Курстун тили	Кыргызча
Жардамчылар	*
Аудитория	A17
Курстун максаты	Тогуз коргоол оюнунун теориялык жана практикалык материалдарын терең өздөштүрүү. Машыгуу сабактарында күжүрмөн эмгектенүүнүн натыйжасында мелдештерге ийгиликтүү катышуу.

Колдонулуучу адабияттар		
	Колдонулуучу адабияттар	**Адабияттын түрү**
1	1. Кодекс тогуз коргоола Кыргызской Республики. Б., 2003. -С.21. Kitap	Басылма
2	2. Нурсейитов А.Ж., Кийзбаев М.С. Тогуз коргоол сабактары Бишкек, 2016 Kitap	Китеп
3	3. www.iggamecenter.com	Сайт
4	4. Кийзбаев М.С., Нурсейитов А.Ж. Предсоревновательная подготовка в тогуз коргооле. Бишкек, 2007, с. 44 Kitap	Макала

Жетишилчү жыйынтыктар	
1	Эң популярдуу кездешүүчү оюн башталыштарын ак жана кара тарабына так билүү.
2	Оюндун тактикасын жана техникасын туура аткарууга жетишүүү
3	Психологиялык жана эркти күчтөндүрүп, мелдешке даярдоо

Курстун планы	
Апта	**Темасы**
1. Апта	Т: Оюдун жүрүшүн жазуу, саат менен ойноо. П: "Ат өтпөстү" бузуп ойноо башталышы. 5-6-үйлөрдөн классикалык туз алмашуу.
2. Апта	Т: "Ат жетээр" үйдү аныктоонун ыкмалары. Жүрүштөрдүн санын эсептөө. П: Математикалык амалдарды колдонуп жүрүш санын эсептөө.
3. Апта	Т: Комбинациалык жол менен коргоол "жасап жемей" принциптери. П: 7-9 Эски кыргыз коргонуусу башталышы, А.Чылымов менен Н.Имакеевдин варианты.
4. Апта	Т: Туздарды пайдаланып ойноо. П: 2-9 "Ат өтпөстү" бузуп ойноо башталышы 1-2-үйлөрдөн туз алмашуу. 1-жана 3-үйлөрдөн туз алмашып ойноо.
5. Апта	Т: Туздарга каршы ойноо. П: 6-6 "Ак колтукту" ээрчип ойноо башталышы, 6-жана 5- үйлөрдөн классикалык туз алмашуу.7-9 "Эки тиштини" бузуп ойноо 6-7-үйлөрдөн туз алмашып ойноо.
6. Апта	Т: Интернет аркылуу аралыктан ойноо. П: Бир оюнчунун бир мезгилде бир нече оюнчу менен ойноосу (сеанс оюн).Блиц оюндар. Жолдоштук бетешүү.
7. Апта	Т: Психологиялык жактан даярдык. П: Мелдешке даярдануу: сабырдуулукка, чыдамкайлыкка,токтоолукка,тоскоолдуктарга жана чоочун чет жерге карабай жакшы стабилдүү оюн көрсөтүүгө карата даярдык.
8. Апта	виза

Курстун планы	
9. Апта	Т: Мелдеште ойнолгон оюндарга талдоо жасоо. П: Өзүнүн ойногон оюнун талдап анализдөө. Каталардын үстүнөн иштөө. Чебер оюнчулардын оюнунан сабак алуу.
10. Апта	Т: Кеңири таралган классикалык башталыштар. П: 7-7 "Эки тишти" ээрчип көчүү, 2-жана 8-үйлөрдөн туз алмашуу.
11. Апта	Т: Оюндун ортосу. П: 7-9 "Эки тиштини" бузуп ойноо башталышы. 6-үйдүн тузун курмандыкка берип ойноо. "Бай" топтоп "туз" алуу. "Бай" топтоп материал(коргоол) утуу.
12. Апта	Т: Оюндун ортосундагы тактикалык ыкмалар. П: "Ат өткөрүү", "куйрук кесүү" "бүктөө" жана "тузга" байлоо ыкмаларын 1.76-98 2.77Х башталыш оюнунун мисалында кароо.
13. Апта	Т: Оюндун аягы. П: "Атсыроо" абалдары. Кош чабуул аркасында "тартма тузга" кармоо. 7-9 га 3-5 варианты.
14. Апта	Т: Байлоо жана байлоодон чыгуу. П: "Тузга" байлоо. Текилдек жана Далы үйлөрдөн башталыш оюндары.
15. Апта	Т: Мелдештерге даярдык. П: Атайын түзүлгөн ар кандай темаларга байланыштуу этюддарды чечүү. Мелдештерге катышуу.
16. Апта	Т: Мелдештерге катышуунун жыйынтыгын чыгаруу. П: Мелдештерде ойнолгон партияларды талдоо, анализдөө, жыйынтыктоо.

Баалоо			
Баалоо каражаты	**Саны (даана)**	**Үлүшү (%)**	**Жалпы үлүшү**
Арасынак	1	100	**100**
Финал сынагы	1	100	**100**